Өзгүр Эрен

*Х. Карасаев ат. Ысыккөл лицейи*

# БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАЗМУНУ МЕНЕН ОКУУЧУЛАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧАЛЫГЫНЫН БАЙЛАНЫШЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Бул макалада окуучулардын билимдерди өздөштүрүүдөгү эффективдүү жолдорун издөө проблемалары жана алардын азыркы шартка ыңгайлуулары жөнүндөгү маселелер каралат.*

Окутуунун мазмуну, окутуунун ыкмасы азыркы учурдагы окуу процесссинин жүргүзүлүш формасы инсандын өнүгүш мыйзамченемдерине дал келери белгилүү.

Азыркы учурдагы социалдык тажрыйбадан улам модернизацияланган окутуунун мазмуну салттуу түрдө төрт негизги түзүүчү элементтен турат:

1) таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгү (билимдердин жыйынтыктыгына негизделген);

2)ишмердүүлүктүн белгилүү ыкмаларынын ишке ашышы (репродуктивдүү жөндөмдөр аркылуу);

3) чыгармачыл ишмердүүлүк («креативдүү» жөндөмдөр аркылуу);

4) курчап турган чөйрөгө карата эмоционалдуу-баалоочулук мамилелерди өздөштүрүү (жеке инсанга багыттап окутуу аркылуу).

Бул төрт аспектинин мазмунунун өздөштүрүлүшү культурологиялык концепцияны иштеп чыгуучулардын пикири боюнча билим берүүнүн жаңы стандартынын негизин түзүүчү «компетенттүүлүк» ыкмасынын ишке ашышына өбөлгө түзөт [1].

Ошентип, «эмнеге окутуу керек?» деген суроого жооп болуп социо-маданий тажрыйбанын өздөштүрүлүшү гана каралбастан окуучунун инсандык өнүгүүсүн камсыз кылуучу окутуу процессинин субектиси да каралууга тийиш.

Учурдагы окуу процессинин өнүгүүсүнө тиешелүү ишмердүүлүктүн мазмунунун, формасынын, ыкмаларынын интеграцияланышы жөнүндө да сөз кылууга болот. Мындай ыкма билим берүүнүн маңызынын ишмердүүлүктүн ыкмалары менен структуранын биримдигинде адекваттуу чагылдырылышын талап кылат. Азыркы дидактиканын өнүгүшүнүн маанилүү шарттары болуп окутуунун максаттарынын илимий билим берүүсү, билим берүү маңызынын трансформациясы жана адаптациясы эсептелет. Бул болсо өз кезегинде социо-маданий тажрыйбалардын көлөмүн, ошондой эле окуу тексттен түзүүдө жана окуучуларга жеткирүүдө эсепке алынат.

Окутуунун максаты маалыматтарды жөн эле өздөштүрүү болуп эсептелбейт.

Заманбап маалыматтардын ар түрдүүлүгүндө чек жок, а бирок анын ичинен окуучунун жашоосуна керектүүлүгүн тандоо өтө эле оор. Мындан тышкары, маалыматтар эскирет: бүгүнкү такталган факт, эртең четке кагылат же жаңы илимий теориялар менен, тагыраак байкоолор менен толукталат.

«Формалдуу» жана «реалдуу» окутуунун ортосундагы карама-каршылык көбүнчө окутулуп жаткан нерсенин мазмуну менен шартташкан, бул бүтүрүүчүлөрдү билимдерди өздөштүргөн гана эмес, алган билимине таянып илимий негизде ой жүгүртө алган адам экендиги жөнүндө кабар берет.

Көп убакыттар бою мектептеги окутууну мазмунуна дүйнөгө болгон көз карашын калыптандыруучу фундамен-талдуу түшүнүктөрдү, закондорду, теорияларды ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү гносеологиялык мүнөздөгү методологиялык билимдердин; окуучуларды адам

турмушунун ар кыл чөйрөсүндө компетенттүү болуусуна багытталган маалыматтардын жыйындысын киргизип жүрөбүз. Мындан тышкары ,курчап турган дүйнөнүн өнүгүүшүн аныктоочу али чечиле элек, бирок керектүү илимий-социалдык проблемалар, жалпыланган идеялар, жоболор менен окуучуларды тааныштыруу максатка ылайык деп табылган. Методологиялык ыкма – бул илимий тааным ыкмасы менен таанышуу.

Мунун максаты илимий-изилдөөчүлүк контекстинин мазмунун ачып берүүдө,кесиптик изилдөөчүлүк жөн-дөмдөрүн калыптандырууда белгилүү бир предмет боюнча материалдарды өздөштүрүүдө жана анализдөөдө жатат. Маалыматтар диахроникалык аспектте берилет да, мында тигил же бул илимий проблеманын чегилишине тарыхый эволюциялык көзкараштa мамиле кылууга окуучулардын көңүлүн бурууга акцент жасалат. Физикада бул талаа теориясы, күчтүү жана күчсүз аракеттер, материянын түзүлүшү; адабиятта – жанрлардын теориясы, лингвистикада – тилдик бирдиктердин табияты (фонема, морфема, сөздүн формалары ж.б.) болушу мүмкүн.

Мазмунду талдоочу концептуалдык ыкма тигил же бул илимдеги маанилүү түшүнүктөрдүн айланасында материалдарды топтоштурууну талап кылат. Мындай бирдиктердин табияты эреже катары абдан татаал жана көп кырдуу болгондуктан, бул мамиленин алкагында предмет аралык окутуунун идеялары эффективдүү ишке ашышы мүмкүн. Негизинен окутуунун мазмуну мындай шартта түшүнүктөрдүн иерархиялык системасына таянат: микро- жана макродүйнө (физика), генетика жана эволюциялык окуу (биология), сөз айкаштары, текст/дис-курс (лингвистика) ж.б.у.с.

Чыгармачыл-прагматикалык ыкманын максаты – окуучуга белгилүү бир кесипте өзүнүн максатын ишке ашыра ала турган минималдык маданий-дүйнөтаанымын камсыз кылуучу колдонмо илимдердин жана жөндөмдөрдүн топтомун сунуштайт. Мындай окуу курстары кеңири диапазондо долбоорлонуп, анча чоң эмес көлөмдө болуп структурасы боюнча элективдүү курс катары эсептелет. Жогоруда саналган ыкмалар, биздин оюбузча кыргыз билим-берүүсүн модернизациялоо боюнча иш кагаздарында чагылдырылган В.В.Краевский менен А.В.Хуторской сунуштаган окуутунун мазмунунун көп кырдуулугунун системасын калыптандыруу менен өз ара шайкеш келет, бул болсо азыркы билим беруу процессиндеги инновациялык принциптер менен ички логикалык жактан дал келет [2].

Жалпы теоретикалык көз караштын биринчи деңгээли калыптандыруучу негизи компетенциялардын тизмесин аныктайт.

Окуу предметинин экинчи деңгээли негизинен республикалык жана улуттук-регионалдык билим берүүнүн максаты менен шартташкан, муну ишке ашырууда мамлекет гана катышпастан тиешелүү регион, мектеп, мугалим, окуучу этаптары да катышат. Бул деңгээлде окутуунун инсанга багытталган маанилүү максаттары чоң мааниге ээ болот. Окутуунун мындай колдонмо мүнөзгө ээлиги илимий мазмундун зарыл редукциясын, адаптациясын жана трансформациясын шарттайт.

Окуу материалынын – үчүнчү деңгээли – түздөн-түз окуу китептеринин мазмунун аныктайт. Биздин оюбузча, дал мына ушул этапта, окутуунун мазмунунун калыптаны-шында, абдан актуалдуу болуп саналган азыркы мектептеги «деңгээл» дифференциациясынын интеграция принциби ишке ашат.

Материализациянын төртүнчү деңгээлинде окутуу процессинин субъекттери өз ара аракеттенишет жана окутуунун мазмуну долбоордо эмес, педагогикалык реалдуулукта жашайт. Эн акыркы – жыйынтык деңгээлинде – окутуунун мазмуну окутуунун жыйынтыгы, окуучу өздөштүргөн чыгармачылыктын акыркы продуктусу катары кабыл алынат.

Долбоорлоо иш аракети бул учурда бир нече этапта (системалоо) – бул дидактикалык котормо боюнча «илимий маалыматтардын базалык ядросун» белгилейт.

Негизги максат – эмнени жана канчалык көлөмдө трансформация предмети болуш керек экенин тактоо болуп саналат. Ар башка илимде сүрөттөлгөн объекттер бири-биринен кыйла эле айырмаланышат. Мисалы, физика менен гуманитардык дисциплиналарды, социологияны, тарыхты, психологияны салыштырып көрөлү. Физикалык кубулуштардын

мыйзамченемдүүлүктөрү адамдын аң сезимине баш ийбейт. Бул обүекттер жөнүндөгү билим аларга таасир эптейт, бирок социалдык обүект жөнүндөгү маалымат аны өзгөртүү үчүн колдонулаарына шек жок.Социалдык проблемаларды анализдөө көбүнчө анын чечилишине алып келет, бул болсо жыйынтыгында келечекте кылуучу нерсенин түп-тамырынан бери өзгөрүшүнө алып келет.Социалдык илимдердин изилдөө обүектиси болгон адам башка жансыз нерселерден курчап турган чөйрөгө активдүү таасир этиши менен жана инсандар ортосундагы мамилесинин максатка ылайыктуулугу менен принципиалдуу айырмаланат.

Экинчи этап (максатты божомолдоо) – бул максаттын дидактикалык анализин боолголойт (жыйынтык жөнүндөгу биринчи элес) жана максатуу долбоорду түзүү (керектүү нерсени алуудагы аны кепилдей турган ыңгайлуу шарттардын түзүлүүсү). Мындагы негизги проблема кандай дидактикалык максаттарга жетишүү керек жана дидактикалык максаттуу долбоорло кантип ишке ашат деген суроолордо жатат.

Үчүнчү этап (трансформация) илимий мазмундун дидактикалык объектиге айланышын түшүндүрөт.Бул процесс трансформациялоочу нерсени анализдөө,жалпылоо,талдоо, материалды дидактикалык кыскартуудан жана сапаттык редукция аркылуу ишке ашат. Илимий таанымдын ыкмалары жана формалары менен окуу коммуникация-сынын каражаттарынын, илимий системанын жана окуу дисциплиналарынын структурасынын ортосундагы мамилелер татаалданат. Мисалы, жалпы билим берүүчү мектептерде окуутулуучу дидактикалык илимийлүүлүк жана жеткиликтүүлүк принцибине туура келген сөз түркүмдөрү, жалпысынан азыркы орус тилиндеги сөздөрдүн класстарга бөлүүнүшү боюнга көзкараштарга туура келбейт. Мисалы, «мне грустно», «на улице морозно» деген сүйлөмдөрдөгү сөздөр орус тилинин мектеп курсунда тактоочторго киргизилген, а чынында кирбейт.Билим,билгичтик,көндүм сыяк-туу маалымат баалуулуктарына карай окуу текстине багыт алышы анын классикалык моделин түзүүгө мүмкүнчүлүк берет, ал эми анын чыгармачылык уюштурулушу таанып билүүчүлүк, коммуникативдик ж.б. чыгармачылыктын ар түрдүүлүгү динамикалык моделди аныктайт.Окуу текстиндеги негизги мазмунду ээлеген гуманисттик баалуулуктардын доминантасы аны окууда гуманитардык, инсанга багыттап окутууга багытталган тексттерди жана анын варианттарын түзүүгө жардам берет.

Классикалык модель окутуунун фронталдуу формасынын шарттарында эффективдүү болот; вариативдүү модель - профилдик окутууну ишке ашырууда, ал эми дидактикалык модель болсо,окуучулардын жеке керектоолорун, таанып билүүчүлүк кызыкчылыктарын эске алуу менен аларды өнүктүрүүдө жатат.

Төртүнчү этап (инструментализация) окуу программаларынын, окуу китептеринин ж.б. дидактикалык мүнөздөгү материалдардын негизинде алынган жыйынтыктарды жазууну караштырат. Программасынын жана окуу китептеринин авторлору окуутулуучу материалдардын берилиш логикасына карата өздөрүнүн көзкараштары бар экендигин танууга болбойт,ошондой эле алар маалыматты кабыл алуу ж.б. инсандык мүнөздөмөлөрү, дидактикалык колдонмолорду түзүүдөгү автордук ою, өздүк стили менен да айырмаланышат. Орус тили боюнча түзүлгөн окуу колдонмолоруна мүнөздүү болгондой биздин көзкарашыбызда көрүүчүлөрдүн ролу эске алынбастан, ”курулай” текст деңгээлиндеги аудио-маалымат берүүгө көбүүрөөк маани берилгендиги байкалат.

Бешинчи этап (моделдөө) педагогикалык технология (педагогикалык процедуралардын ыраатуулугу) форма-сы аркылуу мугалим (мугалимдер коллективи) аркылуу ишке ашырылуучу окутуунун дидактикалык адаптациялан-ган мазмунун долбоорлоп окутуу б.с.

Мында мектеп программасы боюнча түзүлгөн концепцияны окутуунун жыйынтыгында күтүлүүчү конкреттүү шарттар менен шайкеш келтирүү керек.Бул учурда окутуунун долбоорун түзүүдө окутуунун мазмунунун калыптаныш айырмачылыгын эске алуу керек, бир жагын анын окутуу процессинде бул долбоорду ишке ашыруудагы өзгөчөлүгү да каралат. Долбоорлоо - бул дидакттардын, усул-чулардын, окуу китептеринин авторло-рунун чыгармачылыгынын өзгөчө түрү. Алар окуу китептерин түзүүдөгү принциптерге таянуу менен жана окуу материалын түзүүдөгү кыйынчылыктар-ды эске алуу менен жалпы жеке негиздеги окутуунун мазмунун аныкташат.

Мына ушул ар түрдүү чыгарма-чылыктын ортосундагы педагогикада ишке ашыра албай турган эч нерсе жок.Булардын катышы педагогикалык илим менен практиканын ортосундагы байланыш аркылуу аныкталат, себеби долбоордун түзүлүшү аны ишке ашыруудагы шарттарды эске алуу менен жүргүзүлөт, мугалимдердин практикалык иш аракеттеринде гана жогорку үч деңгээлдин жыйынтыгы оңдолот.

Алтынчы этап (өздөштүрүү) окутуу-нун мазмунун окуучунун (студент) же топтун «кайра иштеп чыгышын» көздөйт, б.а. өздөштүрүү процесси акылдын жана практикалык иш аракеттин жардамы менен жана окуу материалын субүективдүү кабыл алуудагы каражаттардын, адекватуу ыкмалардын жардамы аркылуу ишке ашат.Окуучу топтун мүчөсү жана индивидум катары белгилүү бир педагогикалык таасирге туш болгон объект катары гана эмес, окутуунун мазмунуна карата субүект катары каралат. Ал өзүнүн (педагогикалык) позициясын таанып билүүчүлүк контекстинде активдүү окуучу катары, окуу процессиндеги аракеттенүүчү тарап катары ишке ашырат.

Эң башкысы окутуунун башка «модернизацияланган» мазмунун өздөштүрүүдөгү эффективдүү жолдорун издөөдө жатат, окуу процессин түп-тамырынан бери башкача уюштуруу үчүн окутуунун баалуу аспекттерине анын гуманисттик багытта болушуна -өзгөчө көңүл буруу керек.

Бүгүнкү күндө адамзаттын тынымсыз маалыматтык өнүгүшүндө жана сапат-туу предметтердин мазмундук көлөмүнүн адекваттуу өсүш шартында дидактикалык керектөөлөргө илимий аспект системасын кантип ыңгай-лаштыруу керек деген суроо өзгөчө мааниге ээ болот жана аны социо-маданий тажрыйбаны өздөштүрүүдө логикага негизделген уюштуруу про-цесси катары колдонулат.

## Адабияттар

1. Гухман Г.Н. Проектно-проблем-ный подход в формировании твор-ческого мышления//Образование в современной школе.- М., 2000, с.33-37

2. Краевский В.В. Проблемы научного обоснования обучения (ме-тодологический анализ). – М., 1977.-264 с.